**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ ОБЛУСТУК**
**ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**
**НООКАТ РАЙОНДУК**
**ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ**
**723402 Мирмахмудов а-а Киров ай.**
**Ош кочосу, 50.**
**тел.:03230 5-21-02 факс.4-63-53**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТИ**
**ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**НООКАТСКОГО РАЙОНА**
**723402 с/о Мирмахмудов с.Киров**
**ул. Ошская 50.**
**тел.: 0323052102 факс. 4-63-53**

---

71530 Ноокатшаары Абдуллаев кочосу114. г. Ноокат ул. Абдуллаева 114
телефон 0323052102, (факс телефон) 032224635.

Чыг. № 8/2241
"05" 04 2021-жыл

**Ноокат аймактык шайлоо**
**комиссиясынын торагасы**
**А.Байдоолотовго**

2021-жылдын 24-март күнү Кыргыз Республикасынын борбордук шайлоо комиссиясына "Эмгек" саясий партиясынан Ноокат шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер Ноокат шаарынын тургуну Мадумаров Б А маалымат келип түшкөн. Анда, 2021-жылдын 21-март күнү Б.Мадумаров "Эмгек" саясий партиясынан Ноокат шаардык кеңешине депутаттыка талапкерлер менен биргеликте Ноокат шаарынын Кара-Турпак кварталына үгүт иштерин жүргүзү үчүн барган учурда, аталган кварталдын жашоочулары үгүт иш чараларына катышуудан баш тартышып, жашоочулар "Аманат" саясий партиясына добуш берээрин айтышкан. Себеби, Кара-Турпак кварталынын аксакалдардын айтуусу боюнча буга чейин "Аманат" саясий партиясынан Ноокат шаардык кеңешине депутаттыка талапкерлери келип Кара-Турпак кварталына кыска мөөнөттө 100 000 сомдук 6 даана электр мамычасын орнотуп бергендигин билдиришкен.

Аталган маалымат Ноокат аймактык шайлоо комиссиясы аркылуу чыгыш №43 саны менен юридикалык баа берүү үчүн Ноокат РИИБнө жиберлиген.
25.03.2021-жылы аталган маалымат Ноокат РИИБдин Ноокат РИИБдин кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине (КЖБР) Кыргыз Республикасынын Жазык-кодексинин 192-беренесинин 1-бөлүмүндө көрсөтүлгөн кылмыштын белгилери боюнча 03-040-2021-000361 саны менен катталып сотко чейинки өндүрүш иши козголгон.

Сотко чейинки өндүрүш ишинин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 192-б 1-б көрсөтүлгөн кылмыштын жана жоруктун курамы жок болгондугуна байланыштуу бул сотео чейиник өндүрүш ишин Кыргыз Республшикасынын ЖПКнин 26-беренесинин 1-бөлүмүнүн 2-пункту менен ондуруштон кыскартылгандыгын билдиребиз.

**Ноокат РИИБдин ТКнын началниги**
**милициянын майору:** **Матисманов Ч.А.**